УДК 325:314.7

*Акаев Аскар Абдыраимович, окутуучу*
*E-mail: askarakaev71@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргыз Республикасы*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЫШКЫ ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫНЫН ПОЗИТИВДҮҮ ТААСИРЛЕРИ

# ПОЗИТИВНЫЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ ВНЕШНЕЙ ТРУДОВОЙ МИГРАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА

# POSITIVE IMPACTS OF KYRGYSTANS EXTERNAL LABOR MIGRATION

***Аннотация:*** *Аталган макалада миграциялык процесстердин көптөгөн талаштуу учурларынын бир эле мезгилде оң жана терс мүнөздөлүшү чагылдырылат.*

***Аннотация:*** *Миграционные процессы характеризуются множеством спорных моментов, которые могут трактоваться одновременно и положительно и отрицательно, где это все отражено в данной статье.*

***Abstract:*** *Migration processes are characterized by a number of controversial points that can be treated simultaneously both positively and negatively, where it is reflected in this article*

***Түйүндүү сөздөр:*** *миграциялык процесс миграция, тышкы миграция, эмгек миграциясы, мамлекеттик саясат,*

***Ключевые слова****: миграционный процесс, миграция, внешняя миграция, трудовая миграция, государственная политика.*

***Key words:*** *the migration process, migration, external migration, labor migration, public policy.*

Миграциялык процесстер дайыма адамзат коомчулугуна таандык болуп келген, миллиондогон адамдар өзүнүн тарыхый ата-мекенинен тышкары жашашкан. Калкынын активдүү миграция тажрыйбасына ээ болгон бир катар өлкөлөр миграциялык саясаттын негизин түптөшкөн.

Акыркы жылдардагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө республиканын калкынын тышкы эмгек миграциясы чоң таасирин тийгизет.

Калктын өлкөнүн чегинен тышкаркы эмгек миграциясы кыйла олуттуу масштабдарга ээ болду. Азыркы мезгилде, ар кыл тактоолор боюнча Россия менен Казахстанда Кыргызстандын 500 дөн 800 минге чейинки жарандары эмгектенишет. Андыктан республиканын калкы 2016-жылдын 1-октябрындагы маалымат боюнча болгону 6,1 млн. адамды түзгөн. Мамлекеттик органдар дээрлик толугу менен базардык стихияларга жумушчу күчүн жайгаштыруу процессин берген. Негизинен эмгек миграциясы башкарылбаган көрүнүш кейпине ээ. Ал жогорку деңгээлде стихиялуу, формалдуу жана легалдуу эмес түрүндө жүзөгө ашырылат.

Эмгек миграциясы дээрлик мыйзамдуу эмес мүнөзгө ээ болгондугу үчүн эмгек мигранттарынын так санын аныктоо мүмкүн эмес. Кыргызстандын статистикалык органдарын жана алардын миграциялык атаандаштарын өлкөлөр ортосундагы эмгек миграциясынын так көлөмдөрүн атай алышпайт. Башкаруунун мамлекеттик органдарында калктын эмгек миграция маселелеринин мазмуну, масштабдарынын таасын картинасы жок. Заманбап эмгек миграциясынын мыйзамсыз мүнөзүнүн айынан республиканын бюджети дээрлик эч нерсе албайт. Эмгек мигранттары чыгып кеткен эле эмес, ата-мекенине кайтып келген өлкөлөрдөгү көптөгөн маселелер менен да бетме-бет кездешет, алар маалыматтык-консультативдик колдоого, укуктук жана социалдык коргоого муктаж болушат.

Бир катар обөективдүү жана субъективдүү себептерге карабастан Кыргызстанда жакынкы жылдары байкалаарлык экономикалык көтөрүлүүнү прогноздоо кыйынга турат.

Жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык факторлор азырынча калктын жашоо-турмушунун деңгээлинин жогорулоосуна алып келген жок. Өкмөттүн экономикалык өндүрүштү көтөрүү, кичи жана орто ишкердикти колдоо, жакырчылык менен күрөшүү иш-чаралары азырынча нормативдик укуктук базалардын өркүндөтүлбөшүнүн, башкаруунун мамлекеттик органдарынын иш-аракеттериндеги координациянын жоктугунун, бардык деңгээлдердеги мамлекеттик кызматкерлердин коррупцияланууcунун, жергиликтүү эмгек ресурстарынын төмөнкү классификацияланууcунун айынан көзгө көрүнөөрлүк натыйжаларды берген жок. «Жумушсуздук күч алууда, калктын 64% жогоркусу жакырчылыктын чегинде жашашат, коррупция кеңири кулачын жаюуда. ПРООНдун маалыматтары боюнча ички иштер органдарындагы коррупциялуулук 86%, соттордо, прокуратурада 83%, бажы, салык кызматтарында – 78-80%, областар менен райондордун бийлик органдарында -53% түзөт [1].

Кыргызстандын жергиликтүү калкынын заманбап эмгек миграциясынын оң тараптарынын ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

- Жергиликтүү улуттагы эмгек мигранттарынын чыгып кетүүлөрү республикадагы жумушчу күчүнүн ашыкчалык маселесин чечүүгө көмөк көрсөтөт. Эмгек миграциясы жумушсуздуктун деңгээлинин кыскаруусуна алып келип, социалдык жөлөк-пулдарга кеткен чыгымдардын кыскаруусу, жумушсуздарды кайрадан окутуу, алар үчүн коомдук иштерди уюштуруу, алардын үй-бүлөлөрүнө көмөк көрсөтүү иштери жүргүзүлөт;
- Чет жерлерде эмгектенүү менен эмгек мигранттары өзүлөрүнүн квалификациясын жогорулатышып, алар өндүрүштүк жана уюштуруучулук өнөрлөргө ээ болушат. Аталган учур Кыргызстан үчүн өзгөчө актуалдуулукка ээ болот, анткени жергиликтүү улуттагы калктын олуттуу бөлүгү төмөнкү квалификациялык деңгээлге ээ;
- Чет жерлерде иштөө менен эмгек мигранттары Кыргызстанга кайтып барышкандан кийин кичи жана орто ишканаларды түзүү үчүн баштапкы капиталды топтошот. Ошентип, ортоңку тапты калыптандыруу үчүн көмөк көрсөтүү иши башталат.

Эмгек мигранттарынын Кыргызстанга болгон акчалай которуулары чет элдик валютанын олуттуу булагы болуп эсептелет. Кыргызстанга которулган эмгек мигранттарынын кирешелери калктын жашоо деңгээлин жогорулатып, республиканын төлөмдүк балансын жакшыртат.

Кыргызстандыктар узак убакыттар аралыгында Россияда жана башка өлкөлөрдө болууларынын натыйжасында аталган өлкөлөр менен Кыргызстандын соода-экономикалык байланыштарынын кеңейиши, тереңдеши байкалган. Кыргыз мигранттарынын башка өлкөлөрдө узак мезгилдер аралыгында болууларынын соңунда иштиктүү байланыштар орнотулуп, бирдиктүү ишканалардын ар кыл түрлөрү пайда болот жана өлкөлөр ортосундагы товар айландыруу жогорулайт.

Кыргызстандан келген эмгек миграциясынын жалпы көлөмү мамлекеттик статистикалык органдар тарабынан жүргүзүлгөн маалыматтардан бир нече эсе ашып түшөт. Азыркы мезгилде эмгек миграциясы – бул Кыргызстандагы эң чоң жана белгилүү миграциялык тренд. Эмгек миграциясы – бул Кыргызстандын ири сандагы жумушсуздарын өзүнө камтыган ишке орноштуруунун альтернативдүү, кеңири жеткиликтүү чөйрөсү. Кыргызстандан кеткен мигрантардын башкы багыттары болуп Россия менен Казахстан эсептелет. Кыргызстандын эмгек миграциясы негизинен стихиялуу, мыйзамсыз түрдө жүзөгө ашырылат. Мигранттардын ичинен кыйла активдүүлүккө эмгекке жарамдуу жаш-курактагылар таандык. Эмгек миграциясына калктын дээрлик бардык жыныстык, жаш-курактык, кесиптик, социалдык, региондук топтору тартылган. Кыргызстандын мигранттарынын көпчүлүгү төмөнкү квалификацияга ээ болушуп, эмгектин жогорку квалификациясын талап кылбаган чөйрөлөрүндө иштешет (курулуш, челноктук бизнес, коомдук тамак-аш, чекена соода, айыл чарбачылык жер иштетүү, мал багуучулук).

Мигранттардык каржылык которуулары мигранттардын жашоо-турмушунун

деңгээлин жогорулатууда, алардын үй-бүлөлөрүнүн жыргалчылыгынын өсүүсүндө олуттуу ролду ойнойт. Эмгек миграциясы – жакырчылык менен күрөшүүнүн эффективдүү каражаты. Келтирилген изилдөөнүн маалыматтары боюнча эмгек миграциясы тигил же бул деңгээлде мигранттык үй чарбачылыгынын үчтөн эки бөлүгүнүн жыргалчылыгын жакшыртууга шарт түзгөн.

Мигранттардын колдоосу аркылуу буюртма берүүчүлөр менен кеңири өнөктөштүк байланыштар түзүлгөн. Бул соода-сатык чөйрөсүндө иштешкен мигранттар тарабынан баса белгиленген. Эмгек мигранттары баалуу иш тажрыйбасын өздөштүрүшүп, иштин жаңы методдоруна ээ болушкан. Ал мигранттардын дээрлик бардык топтору, жогорку квалификациялуу кызматкерлер, квалификациясы жок жумушчу күчтөрү аркылуу белгиленген. Мигранттар кыйла жогорку квалификациялуу деңгээлге ээ болушууда (өзгөчө куруучулар, инженерлер, заводдордун, курулуштардын, айыл чарба ишканаларынын жумушчулары, дарыгерлер жана башка жалданма жумушчулар).

Алар эмгек этикасынын кыйла алдыңкы технологияларына, жогорку стандарттарына ылайыкташууда. Топтолгон тажрыйба, билимдер жана капитал болжол менен үй чарбачылыктарынын 12% өзүлөрүнүн бизнесин ачууга шарт түздү (анча чоң эмес мейманканалар, кафе, ремонттук жайлар, авто май куйуучу станциялар, дүкөндөр, кийим тигүү жайлары ж.б.). Мигранттар эмгек базарын КМШнын ар кыл региондорунда өздөштүрүшүүдө. Алар Европа бөлүгүндөгү аймактарда, Сибирде, Россиянын түпкү түндүгүндөгү, Казакстандын түндүгү менен түштүгүндөгү чоң шаарларда, айыл жерлеринде эмгектенишүүдө.

Россия менен Казахстан  Кыргызстандын эмгек мигранттары үчүн негизги багыттардан болуп калуусун уланта берет. Федералдык миграциялык кызматтын (ФМС) расмий маалыматтары боюнча Россияда Кыргызстандык 500 миңдей мигрант бар. 2015-жылы Россия  Кыргызстандын 77% мигранттарын кабыл алган, ошол эле мезгилде Казахстанга расмий маалыматтар боюнча Кыргызстандык эмгек мигранттарынын 18% чыгып кетишкен (УСК, 2016). Белгилүү болгондой, миграциянын негизги себептеринен болуп «сүрүп чыгаруучу» факторлор – ишке орношуунун перспективаларынын жоктугу, КР болгон кирешелердин төмөнкү деңгээли эсептелет, бирок «өзүнө тартып туруучу» факторлор экономикалык артыкчылыктарга, өлкөлөр ортосундагы географиялык, маданий жакындыгына эле карабастан, мекендештердин күчөп жаткан түйүндөрүнүн эсебинен дагы миграция тууралындагы чечимдерди кабыл алууга да таасирин тийгизет.

Андан тышкары, Россиянын эмгек базарындагы жумушчу күчүнө өсүп жаткан муктаждык, калктын кайтаруусуна байланыштуу аталган учурда түзүлгөн демографиялык кырдаал мигранттарга карата болгон либералдуу мыйзамдуулуктун маанилүү фактору катары кызмат кылат. КМШнын статистикалык комитетинин баа берүүсү боюнча, Россиянын калкы 2050-жылы калыбы, 90 млн. адамдан кем болбойт жана (НИУ ВШЭ) демография Институтунун директору А.Вишневскийдин пикири боюнча Россия Федерациясынын демографиялык өнүгүүсүнүн дээрлик бардык сценарийлери кыскарууну көрсөтүп турат (2007). Демек, «эгерде өтүүчүлүккө оң табигый өсүү менен жетүүгө же табигый азайууну табигый өсүү менен алмаштыруу мүмкүн болбосо, анда жалгыз бир ресурс калат, ал иммиграциялык ресурс. Калкты мигранттардын агылып келүүлөрү менен толуктоого болот» [2]. Демографиялык кризистин келечектери «миграциялык агылып кирүү демографиялык кырдаалды жакшыртуу үчүн маанилүү болуп, болбой калды дегенде калктын санынын төмөндөөсүн жарым-жартылай калыбына келтирип бере алат [3].

Ошентип, Кыргызстанда, Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүндөгүдөй эле заманбап миграциялык процесстердин башкы тенденциялары болуп орус тилдүү калктын агылып кетүүсү жана жергиликтүү калктын эмгек миграциясы эсептелет. Жалпы жонунан, аталган эки агым тен Россияга багытталган. Орус тилдүү калктын масштабдуу чыгып кетүүлөрү Кыргызстан үчүн терең терс социалдык-саясий кесепеттерге алып келет, алар: өндүрүштүк дараметтин начарлоосу, экономикалык активдүү калктын катмарынын

азайуусу, «акылдуулардын кетүүсү», этносаясий кырдаалдын татаалданышы ж.б. Жарандардын, өзгөчө жергиликтүү улуттагылардын эмгек миграциясы жалпы жонунан Кыргызстан үчүн пайдалуу. Республика жумушчу күчүнүн ашыкчалык маселесин чечип, валюталык кирешелерди алат. Эмгек мигранттарынын каржылык которуулары өлкөдөгү социалдык-экономикалык туруктуулуктун маанилүү фактору болуп эсептелет. Аталган келүүлөрдүн мааниси дүйнөлүк каржылык кризистин шарттарында жогорулоодо. Кыргызстандан кеткен калктын, өзгөчө орус тилдүү калктын агымы Россия үчүн пайдалуу, ал демографиялык кризистин иш-аракетин женилдетүүгө көмөк көрсөтөт. Эмгек мигранттарынын Кыргызстандан келген агымы Россиянын кызыкчылыктарына да карама-каршы келбейт, анткени өлкөнүн экономикасына арзан жумушчу күчү агылып кирүүдө. Кыргызстандан келген эмгек мигранттары мыйзамды сыйлашат, алар салыштырмалуу түрдө россиялык этномаданий чөйрөгө оңой интеграцияланышат.

**Адабияттар:**


1.Исаев К. Глобальная демократия в Кыргызстане. //СОЦИС.- №4 (240). - М.: Наука, - 2004. - С. 79.

2.Вишневский А. (2007) “Россия в мировом демографическом контексте” Стенограмма лекции от 22 ноября 2007 года в рамках проекта «Публичные лекции Полит.ру», http://polit.ru/article/2008/02/07/vyshnevsky/

3. Ионцев В.А., Ивахнюк И.В., Алешковский И.А. Международная миграция и ВИЧ в России. Научная серия «Международная миграция населения: Россия и современный мир». Гл. редактор серии В.А. Ионцев. Выпуск 21. М.: ТЕИС, - 2009